**Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБнын МЭЖна 11.07.2021 жылы 02-002-2021-015258 саны менен катталган материал боюнча**

**М А А Л Ы М А Т**

Менин сизге билдирме менен кайрылуумдун себеби, 11.07.2021 жылы саат 15:35 чамасында Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБна Бишкек шаарынын №1229 шайлоо участкасында (Касым ж/к) "Яндекс" такси кызматы аркылуу шайлоочуларды ташып жатышкандыгы жана ал шайлоочуларды башына кепка кийген белгисиз адам тосуп алып шайлоо участкасына алып кирип, аймактык шайлоо участоктун өкүлдөрү менен сүйлөшүп жаткандыгы жөнүндө маалымат келип түшкөн.

Аталган факт Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнын МЭЖна 11.07.2021 жылы 02-002-2021-015258 саны менен катталып, текшерүү иштери башталган.

Окуя болгон жерге Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнын документтештирүү тобу барып, териштирүү иштерин жүргүзгөн.

Бул факт боюнча суралган [redacted]., 2021-жылдын 11 июль куну Бишкек шаарынын №1229 шайлоо участогуна шайлаганы өзүнө тиешелүү сары түстөгү мамлекеттик номери [redacted] болгон "Хонда Фит" үлгүсүндөгү автоунаа менен келгенин, автоунаанын "Яндекс" такси кызматынын белгилери бар экендигин, бирок эч кимди шайлоо участогуна ташып алып келбегенин көрсөткөн.

Бул факт боюнча суралган [redacted] ал өзү мала башчы ( председатель квартального комитета) болуп эмгектенгенин, 2021-жылдын 11 июль куну Бишкек шаарынын Касым жаны конушундагы 1218 жана 1229 шайлоо участогуна барып, жашоочулар адашып экинчи участогуна кирип кетпеш үчүн багыттама берип турганын жана эч кандай мыйзам бузуу болбогонун көрсөткөн.

Жогорудагылардын негизинде аталган фактыда кылмыштын, жоруктун жана бузуунун курамы жоктугуна байланыштуу номенклатуралык ишке эсептен чыгарылган (НД саны: №002-2021-005191).

**Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнын Тергөө кызматы**